# О. ТЕКЕЕВ АТЫНДАГЫ ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮ ОРТО МЕКТЕБИНИН 2019 – 2020 – ОКУУ ЖЫЛЫНДА ГУМАНИТАРДЫК ИЛИМДЕРДИН УСУЛДУК БИРИКМЕСИНИН I ЖАРЫМ ЖЫЛДЫК БОЮНЧА ИШТЕГЕН ИШТЕРИНИН АНАЛИЗИ.

Быйылкы окуу жылында бирикмеде 11 мугалим иштеп жатат:

1. Аманкулов К. – сүрөт
2. Бейшекеева Н. – кыргыз тил
3. Бактыгулова Б. – Кыргыз тил
4. Бектенова Ш. – кыргыз тили
5. Бегалиев И. – музыка
6. Коконова А. – Англис тили
7. Малаев М. – Тарых
8. Канболот к Р. –Адеп
9. Эралиев А. – Дене тарбия
10. Ажыгулова Г. –Орус тили
11. Надырбекова Г. –Орус тили

Быйылкы окуу жылында мугалимдер бирикменин иш планын түзүшүп, өткөн окуу жылындагы иштелген иштерине анализ беришип, астыда коюлган маскаттардын үстүндө иштеп жатышты.

Айтсак быйылкы окуу жылында сабактарын жакшы деңгээлде өткөн мугалимдерибиз Эралиев А 8-класста “Волейбол” боюнча ачык саат өттү. Окуучулар спортко кызыгышат, Волейбол оюнунун ыкмаларын мугалим окуучуларга түшүндүрүп берди.Дене тарбия мугалими көп окуучуларды күрөш, каратэ боюнча машыктырып областык,райондук спартакиадаларда 1-2-орундарды алышты.

Бактыгулова Б. 5-класста кыргыз тилден темасы: “Антонимдер». Мугалим сабакты жакшы өттү. Топтор менен иштеди,карточкаларды колдонду, сабактын максаттарын толук аткарды. Мугалимге сунуштар айтылды, салыштырмалуу былтыркы жылга караганда мугалим жакшы деңгээлде сабак өтүп берди. Окуучулар менен эң жакшы мамиледе. Ажыгулова Г. Орус тилден темасы: “Число имен существительных» 7-класста ачык саат өттү. Ар түрдүү методикалык ыкмаларды колдонду. Балдарга топко бөлүп иштешип көбүнчө суроо-жооп түрүндө ангемелешип окуучулардын ой-пикирлерин билүү аларга туура бакыт берүүгө тилди үрөтүүгө аракет кылды. Чыгармачылык менен иштегени жана окуучулар менен жакшы мамиледе болгону көрүнүп турат. Мугалимге сунуштар айтылды.

Малаев М. Тарых сабагынан 9-класста темасы: “Францияда элдик фронт, Испанияда жарандык согуш” ачык саат өттү. Мугалим сабагын эң жакшы

деңгээлде түшүндүрдү, ар түрдүү методикалык ыкмаларды колдонду. Мыкты, тажрыйбалуу мугалим окуучулар менен жакшы мамиледе.

Коконова А. жаш мугалимдерге “Сабакты кандай өтүүнүн жолдору” жөнүндө тренинг өтүп берди.

Бектенова Ш. 7-класста кыргыз адабиятынан темасы: “А.Осмоновдун эмгек темасындагы ырлары”.

Мугалим сабакта топтор менен иштеди. Мугалимге сунуштар айтылды.

Бегалиев И. Музыка сабагынан ачык саат 5-класста А.Огонбаевдин чыгармачылыгы жөнүндө айтып берди жана “Эсимде” деген ырын комуз менен окуучуларга ырдап үйрөттү. Мугалимге сунуштар айтылды.

Канболот к Р. 7-класс тарых сабагынан ачык саат темасы: “Хайду мамлекет».

Мугалим сабагын жакшы деңгээлде түшүндүрдү, ар түрдүү методикалык ыкмаларды колдонду. Окуучулар менен эң жакшы мамиледе болду.

Бектенова Ш. 6-класста кыргыз тилден ачык саат темасы: “Сан атооч”.Тема боюнча мугалим сабагын жакшы түшүндүрдү.Сасбакты түрлүү ыкмалар менен өттү. Сабакта логикалык оюндар, макал-лакаптар, табышмактар, логикалык табышмактар, математикалык оюндар болду.Окуучулар активдүү катышты жана бири-бирине позитивдүү маанай түзүштү. Мугалимге жакшы тилектер айтылды.

Аманкулов К. 3-класста ачык саат темасы: “Келгин куштар». Мугалим окуучуларга сүрөттү кандай тартуунун ыкмаларын, жолдорун айтып берип, окуучулар менен кошо класстагы балдардын тарткан сүрөттөрөнүн көргөзмөсүн уюштурду. Мугалим окуучулар менен жакшы мамиледе окуучулардын сүрөткө болгон кызыгуусун өстүрүп сүрөт тартууга үйрөтөт.

Коконова А. 6-класс англис тилинен ачык саат темасы: “Үй жаныбарлары». Сабак эң жакшы өтүлдү. Мугалим ар түрдүү ыкмаларды сабакта колдонду. Балдар үй жаныбарлары жөнүндө айтып беришти ар түрдүү оюндар менен англисче ойноп сүйлөштү. Мугалим өз тажрыйбасын жаш мугалимдерге көрсөтүп турат, өз жардамын аябайт.

Коконова А. класстан тышкаркы ачык саат темасы: “Англис тилинде сүйлөгөн өлкөлөр” 5-11-класстар арасында өтүлдү. Англис тилинде сүйлөгөн өлкөлөр жөнүндө көргөзмө уюштурулду. Сабак эң кызыктуу болду жана окуучулардын чыгармачылык иштери көрсөтүдү. Балдар Англия,Америка,Австралия өлкөлөрү жөнүндө англисче айтып беришти.

Канболот к Р.Класстан тышкаркы ачык саат 7-8-класста өткөрүлдү. Темасы: “Ата-Мекен адептен башталат». Окуучуларды топторго бөлүп эң жакшы сабак өттү. Мугалим окуучуларга Ата-Мекенди коргоо жөнүндө фильмдерден үзүндүлөрдү көрсөттү Мугалим сабакта интерактивтүү ыкманы колдонду.Мугалим чыгармачылык менен иштейт, балдарга кылган мамилеси эң жакшы.

Ажыгулова Г. Орус тили сабагынан темасы: “Имя числительное” деген темада ачык саат өтүлдү, ар түрдүү методикалык ыкмаларды колдонду. Балдар менен мамилеси эң жакшы.

Надырбекова Г. 4-класс орус тилден ачык саат темасы: “Синие листья». Балдар сабакта орусча сүйлөөгө аракет кылышат. Көп учурда балдар туура эмес сөздөрдү айтышат, мугалимдин жардамы менен каталарын оңдошот. Мугалим балдар менен жакшы мамиледе.

Надырбекова Г. : “Поэзия күнү” 1-11-класстар арасында класстан тышкаркы иш чара өткөрүлдү.Ар бир класс орус тилинде акындардын ырларын окуп беришти. Сабак жакшы деңгээлде өткөрүлдү.

Бирикменин жаш мугалимдерине тренинг өткөрүлдү: Өмүралиева Б,Коконова А, Нурдубаева Г., Надырбекова Г.

Сабакта көрсөтмө куралдарды колдонуу жөнүндө, топтор менен иштөөнүн методдору жөнүндө, сабакты өтүүнүн структурасы, балоо, баа берүү жана баа деген эмне? Темаларында докладдар окулду.

Ар бир предметтик мугалимдер өз билимин өркүндөтүү, чыгармачылык менен иштөөгө, окуучуларга жакшы маанай түзүүгө, жакшы мамиледе болууга, өз ишин жакшы деңгээлде аткарууга окуу процессинде көрсөтүп жатты.

УБ жетекчиси: [signature] Надырбекова Г.К